УДК: 371

Дунканаев А.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ӨМҮРҮ ӨРНӨК 108 ЖЫЛ

«Улуулар баскан жол – урпактар үчүн сыймык» (2011., III китеп) аттуу мындан мурунку жарык көргөн китепте чоң атам Үрүстөмов Дунгананын туулган жылы 1890-жыл деп берилген. Ооба, өзүнүн аныктоочу документинде туулган жылы – 1890-жыл деп жазылгандыгы анык. Бирок туулган жылынын туурасы 1886-жыл экендигин, 1916-жылкы Үркүндө 30 жашта болгондугун, тек гана, паспортуна 1890-жыл болуп жазылып калгандыгын кёп айтчу. Дүйнө салган жылы – 1994-жылдын күзү. Бу жарык дүйнөдө туура 108 жыл өмүр сүрдү.

Мен билгени, чоң атам Дунгана 90 жаштан өткөндө да өзүн тың алып жүрдү. Өкмөттүн жумушун, тактап айтканда, карагай башчылык кызматты 90 жашка жакындап калганда гана өткөрүп берди. 90 жашка чейин жумушка жарамдуулугун жоготкон жок. Эмгек кылбаган адамды жек көрөр эле. Өзү тынч алып отура алган эмес. Өмүр бою кара жанынын карч уруп элге ак кызмат өтөдү, эл алкышына ээ болду, өкмөт тарабынан эмгеги жогору бааланды.

1930-жылдардын башында Совет мамлекетинин экономикалык базасын жолго коюу, өнүктүрүү, чыңдоо иштери өтө курч коюлуп жаткан учур эле. Бул маселе, айрыкча, айыл чарбасына да түздөн-түз тиешелүү болуп, жаш совет мамлекетинин пайдубалын бекемдөө зарылчылыгы туулуп, жапырт колхоздоштуруу башталаган. Үрүстөмов Дунгана мындай улуу иштерден сырт калган жок. Ошол кездеги «Пионер» колхозунун жылкы санын өстүрүүдө, жалпы эле колхоздун мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө кошкон зор салымы үчүн Үрүстөмов Дунгананы 1936-жылы Москвада болуп өткөн Бүткүл Союздук малчылардын кеңешмесине делегат кылып шайлайт. Малчылардын ал съездине И.В.Сталин да катышып, сөз сүйлөйт. Чоң атам СССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Калининдин колунан «Ардак белгиси» орденин алат. Алгачкы стахановчу аталат. «Эр эмгегин жер жебейт» демекчи, чоң атамдын алгачкы стахановчу атыкканы, «Ардак белгиси» орденине татыктуу болгондугу (1936), Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайлангандыгы (1938-46-жж.), «Пионер» колхозунун башкармасы, ферма башчысы (1940-60-жж.) токой чарбасынын баш токойчусу (1960-1975-жж.) кызматтарын аркалагандыгы, сиңирген эмгегинин көрсөткүчтөрү катары бир катар жогорку сыйлыктарга ээ болгондугу өрнөктүү өмүрүнүн далили катары тарыхта жазылып калды. Бул биз үчүн сыймык.

Адамдын басып өткөн өмүр жолу анын коомго кылган эмгеги, жашоого карата көз карашы, эл арасындагы жүрүм-туруму, айлана-чөйрөгө, бирөөлөргө жасаган мамилеси, алган жана берген тарбиясы менен белгиленет эмеспи. Мен эс тарткандан ушул жашка келгени чоң атамдын дарегине айтылган жаман сөз укпадым, сыймык тутчу иштерин гана эшиттим. Анын замандаштары, ийиндеш иштешкендери өмүрү өрнөк, нарк-насили таза, жүрүм-туруму үлгү адам катары баалашчу. Ал кылым өткөрө жашаган өмүрүн акадил жашап өттү. Эл байлыгы колунда турганда кызмат абалынан пайдаланып арам дүнүйөгө азгырылбады, абийирин таза кармады, ар намысын бийикке койду, бирөөлөргө жаманчылык жасабады, кыянатчылык кылбады, жакшылыгын аябады. Мындай адамдарды таза адамдар деп коюшат.

Бир караган адамга чоң атамдын жашоо-турмушу эл арасында кадыр-барк күтүү менен, бардар жашоо нугунда бир калыпта, бир сызыкта өткөндөй сезилет. Арийне, андай эмес. Бешенесине жазылган тагдыр сымал анын өмүрү оор кыйынчылыктар, орду толгус

жоготуулар менен да коштолуп келди. Андай күндөрүн эскерсе, үшкүрүгү таш жарар эле. Турмуштун биринчи оор соккусун өтө жаш кезинде, бешиктен бели чыга элек жатып кабыл алат. 7-8 жашынан ата-энесинен ажырап, бир туугандары менен томолой жетим калышат. Көп өтпөй оору азабынан бир туугандары биринин артынан бири кайтыш болот. Өзүнөн кийинки 6 жашар Дүйшөбай аттуу иниси кечкурун ичим деп ыйласа, аны айыктырар аргасы жок, оорусун басар дарысы жок, мындай абалда эне-атасы көздөн учуп, болгон айласы өзү кошо ыйлап-сооротуп, жанында акыркы ирет кучактап жатып…, эртең менен инисинин муздаган денесин койнунан чыгарганын эстесе, өзөгүнөн өрт чыгар эле. Тагдырдын оор сыноосу муну менен бүтпөптүр. Жаштайынан жалгыз калган Дунгана жакын эжесинин колунда (азыркы Жети-Өгүз районундагы Ичке-Булуң) чоңоет. Эже-жездеси чоң атам 14 жашка чыкканда чоң энем Калыйманга үйлөнтүп, өз туугандарына жөнөтөт. Чоң энем экөө көп балалуу болушат. Маңдайына жазса, кубарыңдын акысы барбы дегендей, 1911-жылы туулган Медет атабызга, 1918-жылы туулган Сылыйкан эжебизге, 1927-жылы туулган менен атам Токтогулга чейинки балдары чоңоюп-чоңое электе көз жумушат. Ошон үчүн ушул балабыз токтосунчу деп, ырым кылышым менин атамдын атын Токтогул коюшкан экен. Чоң атам улуу баласы Медетти, 1941-жылы өз колу менен Улуу Ата Мекендик согушка аттантат. Кызматтык абалынан, депутаттыгынан пайдаланып, ал баласын согуштан алып калса деле болот эле. Андай жолго барбады, ариети жол бербеди. Медет атабыз 1942-жылы Курскиде каза болот. Бул дагы тагдырдын буйругу болчу. Мындай оор кайгыларды, жоготууларды бир гана эмгеги менен басты, кайраты менен көтөрдү.